КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**кезектеги I сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын февраль айынын 05и №1** **Темир айылы**

**Жергиликтүү салыктын түрлөрүнүн коэффициентин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Салык Кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинин 3-пунктун жана Салык Кодексинин 339-беренесинин 4-бөлүмүн иш жүзүнө ашыруу максатында Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши
**токтом кылат:**

1. 2025-жылга Садыр Аке айыл аймагында төмүндөкүдөй жергиликтүү салыктын өлчөмдөрү киргизилсин:
   - Айыл чарба багытындагы эмес жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы;
   - Короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн жер салыгы;
2. Зоналдык коэффициенти төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгына жана короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн жер салыгынын зоналдык коэффициенти -1,2 өлчөмүндө бекитилсин.
   - Короо жай жана багбанчылык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн жер салыгы 1 сотых жерге -10 сом;
3. Салыктык эмес төлөмдөр:
   - Короо жайга ар бир кожолукка - 20 сом;
   - Магазин, банк, кафе, майда соода түйүндөрүнө ж.б. 1 квадрат метрине - 10 сом;
4. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.А. Молдакматовго милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жергиликтүү кеңештин "Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1. Салык бөлүмүнө-1, Обл.юст.-2.*